Агростаил

Окуу процессин дуалдык окутуунун элементтерин
колдонуу менен уюштуруу жөнүндө

# келишим

Кант шаары( Киргшелк) «14» 02 2025- ж

Кант шаарындагы(Киргшелк) К.И. Скрябин атындагы Кыргыз Мамлекеттик агрардык университетинин, С. Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледждин Уставдын негизинде иш алып барган директору Омбаева Назгул Райымкуловна, I тарап жана Бишкек аарындагы « AGRO STAIL» ишканасынын жетекчиси Узакбай Абдипаизов, II тарап, төмөнкүлөр тууралуу макулдашып, эки тараптуу келишимге кол коюшту.

## 1.Келишимдин милдеттери

1.1. Тараптар биргеликте "Агрономия" кесиби боюнча окуу мөөнөтүндөгү окуган окуучулардын өндүрүштүк окуусун жана практикасын дуалдык окутуунун элементтерин колдонуу менен уюштуруу жана ишке ашыруу милдеттенмесин алышат.
1.2Дуалдык окутуунун элементтери менен окуу процессин уюштуруунун негизги максаты окуучулар кесиптик билимди сапаттуу өздөштүрүп, кесибин мыкты билген жумушчу кадрларды даярдоо, ошондой эле колледж менен Мекеменин ортосунда социалдык өнөктөштүктү жана өз ара кызматташуу механизмдерин өркүндөтүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орноштурууга жардам берүү болуп саналат.

## 2.Тараптардын милдеттери

2.1. Колледждин милдеттери
2.2 Студенттерди өндүрүштүк практига жиберүү
2.3 Мекеме менен биргеликте « Агрономия » кесиби боюнча дуалдык окутуунун элементтерин камтуу менен адистерди даярдоо программасын, ошондой эле адистик боюнча жумушчу окуу планын, жылдык календардык графикти, билим берүү процессин камсыз кылуу боюнча иш чаралардын планын иштеп чыгат.
2.3.Мекеме менен дуалдык окутууну өткөрүү мөөнөтүн жана мекемеге бара турган студенттердин тизмесин макулдашат.
2.5.Мекеме менен студенттин ортосунда дуалдык билим алуу тууралуу окуучулук келишимди түзүүнү уюштурат.
2.6.Иш программага кесиптик модулдарга, кесиптик стандартка ылайык мекеме менен бирдикте көз карандысыз сертификаттын элементи менен жыйынтыктоо аттестациясын уюштуруу.
2.7.Дуалдык окутуу элементтерин колдоно аркылуу адистерди даярдоо программасын ишке ашырууну камсыз кылат;Окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана окуу планынын негизинде толук көлөмдө билим алуусуна жол берет;
-окуучулар квалификациялык деңгээлин аныктагаг мамлекеттик үлгүдөгү документ( диплом) ыйгарат;
-окуучулар тарабынан мекемеде анын Уставын, ички эмгек тартибинин эрежелеринин, эмгекти коргоо талаптарынын, өмүр коппсуздугу жана өрт коопсуздугу чараларын, мекеменин мүлкүн колдонуу талаптарын так аткарууну камсыз кылат.
2.8 Инженердик- технологиялык курамдын( насаатчылар устаттар, окутуучулар) мамлекеттик билим берүү стандарттарын, дуалдык окутуу программасын, сабактардын жумушчу программаларын, кызматтык нускамалар менен милдеттемелердин так аткаруусун көзөмөлдөйт.

2.9.Мекеме менен биргеликте окуучулардын дуалдык окутуу процессинде жетишкен жалпы жана кесиптик компотенциялардын, билимин баалайт.

## 3.Мекеменин милдеттери

3.1.Колледж менен биргеликте « Агрономия» кесиби боюнча дуалдык окутуунун элементтерин камтуу менен адистерди даярдоо прогграммасын, ошондой эле адистик боюнча жумушчу окуу планын, жылдык календардык графикти, билим берүү процессин камсыз кылуу боюнча иш чаралардын планын макулдашат.
3.2.Колледж менен дуалдык окутуунун өткөрүү мөөнөтүн жана мекемеге бара турган студенттердин тизмесин макулдашат.
3.3Студенттер менен дуалдык окутуу тууралуу окуучулук келишимди түзөт.
3.4.Дуалдык окутуу элементтерин колдонуу аркылуу адистерди даярдоо программасын ишке ашырууну жана студенттердин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана окуу планынын негизинде толук көлөмдө билим алуусун камсыз кылат;
Мекемеде окуучулардын коопсуз, санитардык эрежелер, өмүр коопсуздугу жана өрт коопсуздук чаралары көрүлгөн шартта билим алуусун камсыздайт.
3.5.Студенттер тайпасында дуалдык окутуу программасына ылайык кесипкөйлук ыкмалар менен практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүүсү үчүн мекемедеги алдыңкы квалификациялуу адисти же кызматкерди насаатчы кылып дайындайт.
3.6.Насаатчы тарабынан дуалдык окутуу программасын толук ишке ашуусун, кызматтык нускама менен милдеттерин аткаруусун, студенттерди өндүрүштүк процесстерге катыштыруусун жана аларга практикалык иштерди аткарууга интсруктаж өтүүсүн көзөмөлдөйт.
3.7.Дуалдык окутуу учурунда студенттерди мекеменин эсебинен атайын кийимдер( формалар), окууга керектүү каражаттарды/ инвертарлар, тамак – аш менен камсыз кылат;
3.8. Студенттерди мыйзам тарабынан сыр катары карoого алынган маалыматтардан тышкары практикалык материалдарга жана процесстерге аралашуусуна уруксаат берет.Колледж менен биргеликте окуучулардын дуалдык окутуу процессинде жетишкен жалпы жана кесиптик компетенциялардын, билимин баалайт.
3.9.Студенттерге квалификация ыйгаруу боюнча комиссиянын ишине жана бүтүрүү квалификациялык сынактарга катышат.

## Келишимдин мөөнөтү

4.1.Келишим тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет.Келишимдин мөөнөтү эки жыл.
4.2Келишимди өзгөртүү же кошумча шарттарды киргизүү тараптар тарабынан келишимге кол коюлган күндөн он күндөн кийин кошумча макулдашуулар аркылуу ишке ашырылат.
4.3Кошумчалар тууралуу макулдашуу келишимдин ажырагыс бөлүгү
болуп саналат.

## 5. Тараптардын жоопкерчилиги

5.1.Тараптар келишимде көрсөтүлгөн өз милдеттеринаткарбаган учурда КРнын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
5.2.Эгер ишкана түзүлгөн келишим боюнча өндүрүштүк практиканын башында керектүү шарттарды түзбөгөн болсо, окуу жай ишкана менен түзгөн келишимди жокко чыгарат.
5.3.Эгерде келишимде көрсөтүлбөй калган шарттар аткарылбай калса же толук эмес аткарылган учурда тараптар жоопкечиликтен бошотулат.
6. Башка шарттар

6.1.Бул келишимде көрсөтүлбөй калган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде чечилет.
6.2.Келишимдин шарттарын ишке ашырууда келип чыккан талаштар жана пикир келишпөөчүлөр тараптардын макулдашуусу аркылуу чечилет.
6.3Келишимге кошумча шарттар жана өзгөрүүлөр бир тараптын шарттарды өзгөртүүсүн сурангандан тартып он күн ичинде каралат, мындай өзгөртүүлөр жазуу түрүндө кошумча макулдашуу катары келишимге киргизилет.
6.4.Келишим эки нускада түзүлдү, экөө тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

## 7. Тараптардын колу жана Юридикалык дареги.

| | |
|---|---|
| ОсОО „Агростайл" | К.И. Скрябин атындагы КМАУнин |
| г. Бишкек | Бишкек агроэкономикалык колледжи |
| ул. Фучика-7/1. | дареги: Кант шаары, Мичурин к. 46. |
| тел: 0779939360 | тел: (03132) 4 1639 |
| Жетекчи : | Жетекчи Омбаева Н.Р. |
| «14» 02 2025 | «14» 02 2025 |

.